КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
СОКУЛУК РАЙОНУ
СОКУЛУК АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
СОКУЛУК АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН
СОКУЛУКСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА
СОКУЛУКСКИЙ АИЛНЫЙ
КЕНЕШ

Жергиликтүү кеңештин ТОКТОМУ

2026-жылдын "23 " июль № 15

Кыймылсыз мүлк объектисинин колдонуу багытын (профилин)

өзгөртүүгө уруксат берүү жөнүндө

Сокулук айылдык кеңешинин сессиясында Жер тилкесинин багытын которуу боюнча Расулов Исабек Абдиллаевичтин кайрылуусун, Кыргыз Республикасынын «Жер жөнүндө» кодексинин 14-беренесинин 2-пунктун жана Сокулук райондук шаар куруу жана архитектура башкармалыгынын корутундусун жетекчиликке алып, Сокулук айылдык кеңеши **токтом кылат**:

1. Сокулук айылынын Кайназарова көчөсү № 9 дарегинде жайгашкан жалпы аянты 7182,0 чарчы метр, Ч № 1120742 номерлүү мамлекеттик акты Расулов Исабек Абдиллаевичке таандык болгон кыймылсыз мүлк объектисинин силостук чуңкурдук жер тилкесинин багытын сарай алдындагы жер тилкесине которуу боюнча Сокулук районунун шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалыгынын 2024-жылдын 13-декабрындагы №76-24 корутундусуна ылайык, жер тилкесинин багыты сарай алдындагы жер тилкесине өзгөртүлсүн.

2. Макулдук берилген объектинин менчик ээси Расулов Исабек Абдиллаевичке төмөнкүлөр милдеттендирилсин:

- Архитектуралык долбоорду даярдоо: Сокулук райондук шаар куруу жана архитектура башкармалыгынан тиешелүү уруксат кагаздарын (АПЗ) алуу жана өзгөртүү долбоорун макулдашуу.

- Коопсуздук эрежелерин сактоо: Кайра пландоо жана жасалгалоо иштеринде санитардык, өрткө каршы жана курулуш ченемдерин (СНиП) так сактоо.

- Каттоодон өткөрүү: Иштер аяктагандан кийин объектти пайдаланууга берүү актысын тариздеп, Мамлекеттик кадастр мекемесинен техникалык паспортту кайра каттоодон өткөрүү.

3. Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин аймактык башкармалыгына жөнөтүлсүн.

4. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Сокулук айыл өкмөтүнүн орун басары Э. Койлубаевге тапшырылсын.

Төрага **Жумалиев Н.Н**